ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 338.2

А.А.ШЕРБЕКОВА, Ү.М.АБДЫЛДАЕВА
A.A.SHERBEKOVA, U.M. ABDYLDAEVA
E.mail. ksucta@elcat.kg

# ЕАЭБ (ЕВРОАЗИЯЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК БИРИМДИК) ШАРТЫНДА КУРУЛУШ МЕКЕМЕЛЕРИНИН КАРЖЫЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУСУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ОСОБЕННОСТИ ФИНАНСОВОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ В СТРОИТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЯХ В УСЛОВИЯХ ЕАЭС

# FEATURES OF FINANCIAL REGULATION IN CONSTRUCTION ORGANIZATIONS IN AN EAEU

*Бул макалада ЕАЭБ шартында курулуш мекемелерин каржылык жөнгө салуусунун өзгөчөлүктөрү, каржылык жөнгө салуунун ыкмалары каралган. ЕАЭБ шартында курулуш тармагынын инновациялык өнүгүүсүнүн көйгөйлөрү жана аны чечүү жолдору баяндалган. Курулуш тармагынын абалы жана курулуш компанияларынын атаандаштыкка таасир кылган факторлор каралган. Курулуш компанияларынын атаандаштыкка кудуреттүүлүгүн күчөтүү үчүн инвестициялык стратегиясын ишке ашыруунун зарылдыгы негизделген.*

***Чечүүчү сөздөр**: каржылык жөнгө салуу, курулуш тармагы, инвестициялар, курулуш уюмдар, өнүгүү стратегиясы.*

*В данной статье рассмотрены особенности финансового регулирования в строительных организациях, методы финансового регулирования в условиях ЕАЭС. Описаны проблемы инновационного развития строительной отрасли в условиях ЕАЭС и пути их решения. Изучены факторы, влияющие на состояние строительной отрасли и конкурентоспособность строительных компаний. Обосновывается необходимость реализации стратегии инвестиционной деятельности строительных организаций в целях повышения их конкурентоспособности в условиях ЕАЭС .*

***Ключевые слова:** финансовое регулирование, строительная отрасль, инвестиции, строительные организации, стратегия развития*

*This article examines the specifics of financial regulation in construction organizations, the methods of financial regulation in the conditions of the EAEC. The problems of innovative development of the construction industry in the conditions of the EAEC and ways to solve them are described. Factors affecting the state of the construction industry and the competitiveness of construction companies were studied. The necessity of realizing the strategy of investment activity of construction organizations in order to increase their competitiveness in the conditions of the EAEC is substantiated.*

***Key words:** financial regulation, construction industry, investments, construction organizations, development strategy*

Кыргыз Республикасынын экономикасынын ЕАЭКке кирүү шарттарында курулуш тармагы дүйнөлүк агымдардын жаңы талаптарына жана ички өзгөчөлүктөрүнө жооп берүүсү зарыл. Бул курулуш тармагынын өнүгүүсүнүн инновациялык стратегиясын иштеп чыгууну талап кылат. Интеграция жалпы экономика жана курулуш тармагына да пайда берет. Бирок, дүйнөлүк атаандаштыктын жогорулашы, инноациялaрды колдонуу, квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги ж.б. сыяктуу коркунучтарды туудурат. Дүйнөлүк каржы базарында атаандаштыкка сегмент пайда кылууда, каржы базарынын ЕАЭКке интеграциянын

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

маанилүүлүгү белгилеп кетсек. Каржы секторунда жаңы шарттар Бажы союзуна (Б жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке (БЭМ) мүчө-мамлекеттердин жаңы маселелерди үнөмдөө режимде иштеп чыгуусун жаратат.

Азыркы учурда, Кыргыз Республикасынын курулуш иштери имараттарды, курулуштарды жана бардык тармактардын ишканаларын долбоорлоо, куруу, калыбына келтирүү жана техникалык жактан кайра жабдуу, калыбына келтирүү боюнча иштерди аткарууда көп сандаган курулуш уюмдары, долбоорлоо уюмдары аркылуу жүзөгө ашырылып жатат.

Акыркы жылдары курулуш уюмдардын саны 2011-жылы 761 ден 2015-жылы 748 ге чейин төмөндөгөн. Бул курулуш компанияларынын арасында атаандаштыкты көтөрө албагандыгынын бир себеби. Ал эми 2015-жылы түзүлгөн келишим боюнча аткарылган подряддык иштердин көлөмү 43404,1 млн сом түзүп, 2014-жылга салыштырмалуу 0,3% көп, 2011-жылга салыштырмалуу 2 эсе ашык аткарылган.

Ири иш көлөмү жеке менчик ишканалар 94,4%, мамлекеттик ишканалар 5,5% жана 0.1% муниципалдык ишканалар аркылуу ишке ашырылган.

Кыргыз Республикасынын курулуш тармагында 2015-жылда негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 120878.9 млн сомду түзгөн, мурдагы мезгилдегиге салыштырганда 18,0% га көбөйүү менен. Курулуш продукциясынын жалпы көлөмү 116 117,2 млн сомду түзгөн 113,9% га өсүш менен.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2016-жылдын башында турак-жай менен камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын Турак-жай кодекси менен каралган бир адамга чарчы болуп минималдуу жашоо мейкиндигинде 12 куб.метрден бир аз жогору калыпта кармалды 12,7 куб.м . 2015-жылы каржылоонун бардык булактары аркылуу турак-жайлардын жалпы аянты менен 906,7 мин кв. метр тапшырган, 2009-жылы пландалган көрсөткүчтөн 87,5% салыштырмалуу жана 2014-жылды 106,6% ды түздү.

Калктын эсебинен 757.9 миң кв. м жеке турак-жай курулду (6914 үй). Турак-жай курулушунун жалпы көлөмүндө жекече турак-жай курулушунун салмагы 83,6% ды түзгөн.

Бирок, курулуш тармагынын азыркы абалы канааттандыраарлык деп айтууга болбойт. Бул көптөгөн курулуш компаниялардын анын новатордук өнүктүрүү системасына маани бербегендигинен. Бир нече компаниялар гана новатордук ыкмаларды жана заманбап незизги капитал менен жабдууланышына жасалган аракеттерди байкалууда.

Курулуш тармагынын канааттандыраарлык эмес абалына бир катар себептер таасир тийгизет: машиналарды жана жабдууларды өндүрүү үчүн өз базасын жоготуусу, курулуш индустриясынын ишканаларынын абалынын начарлашы, курулуш тейлөө кызматтарында жана капитал рыногунда атаандаштыкты жогорулашы , инженердик-техникалык кадрларды даярдоо сапатынын төмөндөшү. Муну менен бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүгүшүнүн жетишерлик дэңгээлде эмес шартында курулуш уюмдарынын башкаруу инструменттерин өнүктүрүү, инвестициялык саясат жана экономиканын реалдуу секторуна бир катар орчундуу көйгөйлөр бар экенин белгилей кетүү керек.

ЕАЭБ шарттарында курулуш тармагынын туруктуу өнүктүрүү жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн курулуш технологиясына жана материалдарга инновацияларды киргизүүнү, башкаруу жана пландоо шарттарын жакшыртууну активдештирүү керек.

Кыргыз Республикасынын ЕАЭБга киргенинин негизинде курулуш базарында ачылган жаңы жагдайлар оң жана терс таасир тийгизиши мүмкүн. Ошол эле учурда, терс жактары Кыргызстандын курулуш компанияларынын көпчүлүгү төмөн атаандаштык менен байланышкан. Бул биринчи кезекте, экономикалык мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз даражасы, өзүнүн, кызматкерлеринин төмөн өндүрүмдүүлүгүнүн жана өндүрүштүк базасы, ошондой эле ири долбоорлорду башкаруусунун начардыгы. Экинчиден, ата

мекендик курулуш ишканалардын кызыкчылыктарын коргогон, алардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууга көмөк мыйзамдардын жоктугу. Бул курулуш кызматкерлеринин кесиптик билимин жогорулатуусун зарылдыгын аныктайт. Алардан курулуштун инновациялык өнүгүүсү, курулуш азыктарынын сапаты жана өндүрүү компанияларынын атаандаштыкка туруктуулугу көз каранды.

Жаңы экономикалык шарттарга курулуш тармагын өнүктүрүү боюнча мамлекеттик каржы саясатындагы жаңы кубулуштарды талдоо, мамлекеттин ролунун өзгөрүүсү кризис шарттарында жана анын кесепеттеринин алдын алуу маанилүү болуп калат. Экономикалык реформалар натыйжалуу болуш үчүн, базар экономикасынын маанисин гана туура түшүнүүнү талап кылбастан, анын табиятын, жаңы кубулуштардын изилдөөнү, дүйнөдө жүзөгө аша турган терең процесстерди жана чындыгында алардын тажрыйбасын колдонуу керек.

Каржы базарынын бириктирүү боюнча алгачкы кадамдар мүчө-мамлекеттердин каржы кызматын көрсөтүү, ишке ашыруу ички мыйзамдарын жакындатуу жана шайкеш келтирүү боюнча чаралар «Капиталдын эркин кыймылын камсыз кылуу үчүн каржы базарларында шарттарды түзүү жөнүндө макулдашуусуна» кошулуудан башталды. Бул келишим бирдиктүү каржылык базарды экономикалык мейкиндикте түзүү менен каржылык жөнгө салуу системасын шайкеш келтирүүгө шарт түзүп берди. Аны ишке ашыруусу этап менен жүзөгө ашырылышы керек, каржы базарынын чөйрөсүндө мыйзамдарды шайкеш келтирүүдөн баштап, бирдиктүү түшүнүктүк аппаратын түзүү, каржылык кызмат көрсөтүүнү ишке ашыруу, ошондой эле ЕАЭБнин каржы базарында мониторинг жүргүзүүлөрдү камтуусу зарыл.

Жогоруда айтылган кадамдардын баардыгы каржылык билдирүүлөрдү жалпы стандартка келтирүүгө, төлөм жөнүндөгү маалыматты берүү үчүн бирдиктүү системасын түзүү үчүн өбөлгө түзөт. Бул ЕАЭБ ичинде өз ара төлөмдөрдү жүргүзүүдө бир клиринг борборун түзүү да маанилүү болуп саналат. Өз ара төлөмдөрдү жүргүзүүдө улуттук валютаны колдонууну жогорулатуу үчүн валюта тобокелдиктерди азайтуу, ошондой эле эсептик-кассалык иш чыгымдарын кыскартуу боюнча системалуу иш жүргүзүү керек.
Ушуга байланыштуу өз ара соода жүгүртүүдө мамлекеттер үчүн каржылык колдоо, биржалык сатуу, төлөм системаларынын өлкөлөр менен өз ара иш аракетинин механизмдери менен колдонсо болот.

ЕАЭБ мүчө-мамлекеттерине макроэкономикалык туруктуулукту, акча-кредит жана бюджет-салык жактан камсыз кылуу үчүн макулдашылган макроэкономикалык саясат да маанилүү. Ал өлкөнүн туруктуулугун жогорулатуу үчүн негизги көрсөткүчтөрүнүн жалпы негиздерин жана экономиканын иштешинин бир принциптерин ачып берүүгө тийиш.

Бүгүнкү күндө курулуш тармагынын инновациялык өнүгүшү бир нече ийгиликтер менен мүнөздөлөт. Жаңы курулуш технологияларды жана продуктуларды киргизүүгө көмөк көрсөтүү максатында, курулуш тармагын өнүктүрүү жана новатордук жолуна өтүү үчүн бир катар маселелерди чечүүнү талап кылат. Ошону менен бирге, турак жай-коммуналдык чарба көйгөйлөрүнүн бири болуп анын өз убагында жана капиталдык ремонттоосу болуп эсептелинет.

Акыркы мезгилде кардарлар, инветорлордун курулуш объектилерин сапатына, капиталдык куруунун коопсуздугуна талаптары курулуш материалдарын сапатына, ошондой эле толук курулуштун жүрүшүнө мониторинг жүргүзүүсүн жогорулатуунун зарылдыгын белгилей кетүү зарыл.

Өз кезегинде, курулуш тармагында өндүрүштүн жетишсиздик өнүгүшү инновациялык курулуш материалдарын жана конструкцияларды колдонууну кармап турат. Импорттолгон курулуш техникасынын колдонуу да курулуш продукциясынын баасына тескери таасир тийгизет.

Курулуш тармагында каржылык жана инвестициялык климаттын жагымдуу эмес болуп саналгандыгын себеби болуп салыктык жөнгө салуу механизмдери узак

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

мөөнөттүү кредиттердин өнүктүгүшүнө түрткү болбогондугу эсептелинет. Ошондуктан өнөр жай өндүрүшүн узак мөөнөттүү каржылоонун жетишсиздиги, насыялар жогорку пайызда берилендиги сезилип жатат. Жогоруда аталган маселелер курулуш тармагынан өнүктүрүүнүн стратегиялык багытын олуттуу кайра түзүүсүн талап кылат.

Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүү стратегиясын аныктаган узак мөөнөттүү приоритеттерге жооп берген жетиштүү экономикалык өнүгүү шартында натыйжалуу экономикалык башкаруу жана инвестицияларды тартуу маселеси абдан маанилүү.

Учурда алдыга койгон милдеттерди аткаруу курулушта башкаруу ыкмаларын жана колдонмолорду өзгөртүү зарылдыгын аныктайт. Бул курулуш компаниясынын негизги ресурстук компоненттеринин бири болуп эсептелинген негизги каражаттарды түзүү жана көбөйтүүнүн бир куралы болуп саналат.

Курулуш тармагынын инновациялык өнүгүү стратегиясы өлкөнүн коомдук-экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылуу үчүн натыйжалуу каржылык, экономикалык, юридикалык жана техникалык иш-чараларды колдонуу аркылуу курулуш тармагында мамлекеттик саясаттын артыкчылыктарын жана негизги багыттарын аныкташы керек.

Курулуш тармагынын инновациялык өнүгүүсүнүн деңгээли аны башкаруу, көзөмөлдөө, текшерүүнүн эффективдүүлүгү жана алардын имараттардын экологиялык жана техникалык коопсуздугу, адам ресурстары менен камсыз кылуусу жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн натыйжалуулугу жана башкалар менен аныкталат. Курулуш тармагынын ишине начар материалдык-техникалык жөнгө салуу, курулуш нормаларынын жаңы талаптарга жооп бербегендиги терс салым кошот.

Курулуш тармагын заманбап жана коомдук-багытталган багытка өнүктүрүү үчүн курулуш тармагынын стратегиялык максаттарын аныктоо, анын өсүү темпин жана сапатын жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү, ата-мекендик курулуш тармагында атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттыруу, инновациялык багыт берүүнү күчөтүү жана аны каржылык жөнгө салуунун жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу талап кылынат.

Акыркы жылдары курулуш ишинин өсүшүнө тоскоолдуктун негизи экономиканын башка тармактарында курулуш продукциясына заказ жоктугу болуп эсептелинет.

Мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуулугунан алардын курулуш имараттардын жана курулмалардын коопсуздугу, курулуштун мөөнөтү, капиталдык курулуштун наркы, ошондой эле жаңы, ойлоп табуучулук курулуш материалдарын жана технологияларды колдонуунун мүмкүнчүлүгү көз каранды.

Курулуш тармагында уруксат ишти жүзөгө ашырууда ашыкча мамлекеттик жөнгө салуу жана административдик тоскоолдуктар керексиз чыгымдардын ишканаларга алып келет.

Курулуш тармагынын инновациялык өнүгүүсүнүн негизги багыттары курулуш компанияларда милдеттүү аудит жүргүзүү, курулуш компанияларында салык системасын жакшыртуу, курулуш ишин милдеттүү камсыздандыруу, курулуш тармагы өзүн-өзү жөнгө салуу системасын өнүктүрүү, ресурстарды башкаруу системасын ишке ашырууну талап кылат.

Инвестиция ишин каржылык жөнгө салуу механизми инвестициялык булактарды пландоо, пайдалануу жана уюштуруу иштеринен турган система болуп саналат. Буладын ичинен уюштуруу иши жаман болсо, анда дайыма эле механизм натыйжалуу эмес иштеп, ал тургай, курулуш компаниясынын экономикалык кызыкчылыгына зыян берет.

Каржылык жөнгө салуучу механизмдерди уюштуруу - эмгекти сарамжалдуу пайдаллануугa, курулуш компаниясынын инвестицияларын башкаруу процессинде өндүрүш жана технологияны айкалыштырууга багытталган иш-чаралардын системасын билдирет.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Каржылык жөнгө салуучу механизмдерди уюштуруу каржылык рычаг жана инвестиция ресурстарын системасынын ортосундагы тыгыз байланышты чагылдырат.

Инвестиция ишин каржылык жөнгө салуу механизми курулуш уюмдарынын акча каражаттарын бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүү боюнча уюштуруу жагынан өбөлгөлөрдү түзөт. Бул курулуш уюмдарынын өндүрүүгө жана анын себепкерлерине жөнгө салуучу таасирин тийгизип турган негизги документ болуп саналат. Жогоруда белгилеп кеткендей,

курулуш тармагындагы компаниялардын өнүгүүсү инновациялык чөйрөдө инвестиция ишмердигинин эффективдүүлүгүнөн жана көлөмөнүнөн көз каранды. Ошол себептен, инвестиция ишмердигин жүргүзүү үчүн комплекстик программаны калыптануусу маанилүү болуп эсептелинет.

**Адабияттар тизмеси**

1. КР Закону «Кыргыз Республиканда инвестициялар жөнүндө». 27.03.2003-ж.

2. Байков Е.А. Стратегиялык менеджмент [Текст] / Е.А.Байков. – СПБ.: 2011. - 360 б.

3. Ишканалардын каржысы [Текст] / 2011-2015-жылдар // Кырг. Респ. Улут. стат. ком.– Бишкек: 2016. – 211 б.